## СОЦИОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
## СОЦИОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## SOCIOLOGICAL SCIENCES

*Садыкова Н.Т.*

# ГЛОБАЛДУУ МИГРАЦИЯЛЫК СИСТЕМАЛАР ШАРТЫНДАГЫ АДАМ САТУУ ЖАНА КУЛЧУЛУК

*Садыкова Н.Т.*

# ТОРГОВЛЯ ЛЮДЬМИ И РАБСТВО В УСЛОВИЯХ ГЛОБАЛЬНОЙ МИГРАЦИОННОЙ СИСТЕМЫ

*N.T. Sadykova*

# TRAFFICKING IN HUMAN BEINGS AND SLAVERY UNDER THE CONDITIONS OF THE GLOBAL MIGRATION SYSTEM

*УДК: 343.431*

*Дүйнөдөгү глобалдык масштабдагы көйгөйлөрдүн катарын толуктаган адам сатуу сыяктуу кылмыштар азыркы учурда көбөйдү. Мындай тер көрүнүшкө учурабайм деп эч ким кепилдик бере албайт, анткени бул бүтүндөй адамзатка тиешелүү көйгөй. Адам сатуу – бул кулчулуктун заманбап формасы. Ал адамдарга ырайымсыздык мамилеси менен, адам укуктарын тепсеген учурлар менен коштолот. Балдар, аялдар сатыкка коюлган товар сымал сатылып кетилүүдө. Адам сатылуучу обьект катары зордукзомбулук, же алдоо жолу менен чек арадан өткөрүлүп, кулга айланып, оор жумуштарды аткарууга мажбур болушат. Жаш балдардын эмгегин колдонуу кандай масштабда экендигин баалоо кыйынга турган иш. Канча бала ден-соолукка залал келтирген оор жана коопту жумуштарды аткарып аткандыгын, бактылуу балалыгынан, билим алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калгандардын санын эч ким так айта албайт.*

***Негизги сөздөр:*** *адам аткезчилиги, кулчулукка сатуу, миграция, кылмыштуулук, кулчулук жөнүндө Конвенция, адамдын эркиндиги, жыныстык кулчулук.*

*В современном мире все больше встречаются преступления, связанные с торговлей людьми, приводящие к проблемам глобального масштаба. Никто не может быть застрахован от этой проблемы, потому что она касается всего человечества. Торговля людьми это как правило, современная форма рабства, которая сопровождается самыми циничными и жестокими нарушениями прав человека. Торгуют детьми, женщинами – словно они какой-то товар для продажи. Человек становится обьектом сделки, их насильно, чаще всего обманным путңм перевозят через государственные границы, принуждают к труду. Масштабы эксплуатации детского труда трудно оценить. Никто точно не знает, сколько детей заняты тяжңлой и опасной работой, которая подрывает их здоровье, лишает образования и обычных детских радостей.*

***Ключевые слова:*** *торговля людьми, продажа в рабство, миграция, преступность, Конвенция о рабстве, свобода человека, сексуальное рабство.*

*In today's world, more and more crimes related to human trafficking are encountered, leading to problems of a global scale. No one can be insured against this problem, because it concerns the whole of humanity. Human trafficking is a modern form of slavery, which is accompanied by the most cynical and cruel human rights violations. They sell children, women - as if they are some product for sale. The person becomes the object of the transaction, they are forcibly, often fraudulently transported across state borders, forced to work. The extent of the exploitation of child labor is difficult to assess. No one knows exactly how many children are engaged in hard and dangerous work that undermines their health, deprives them of education and ordinary children's joys.*

***Key words:*** *human trafficking, slavery, migration, criminality, Convention on Slavery, human freedom, sexual slavery.*

23-август кулчулуктун курмандыктарын эскерүүнүн эл аралык күнү. Эл аралык уюмдардын маалыматына ылайык, дүйнөдө азыркы учурда 20 млн. ашуун адам кулчулук курмандыгына айланган. Ал эми Кыргызстанда жылына 5 миңге жакын жаран Орусия жана Казакстанга жумуш издеп барып ар кандай жол менен кулчулукка туш болуп, эркинен ажырайт. Көпчүлүк мигранттардын сабатсыздыгынан жана мамлекет тарабынан такай көзөмөлдүн жоктугунан улам, адамдардын кээ бири адам сатуучулардын “товарына” айланууда...

Үчүнчү миң жылдыктын башында да адамды буюм катары колдонуу токтоп калбады. Нечен кылымдар өтүп кеткен кезде да орто кылым жаңырыктары азыркы күнгө чейин жаңырып, үрөй учурган көрүнүштөр катталууда. Азыркы учурда мындай корку-

нуч биринчи көз караш менен караганда эң эле зыянсыз жерлерде, мисалы, чет өлкөлөрдөгү вакансиялык бош орундар жөнүндөгү жарыялар, арзан магазиндик турларды (шоп-турлар) жарнамалоо брошюраларда, нике агенттиктеринин жарнамалары, чет өлкөлөрдө арзан эс алуу роликтери аркылуу табууга болот. Булардын баары адам сатуучулар тарабынан соодалашуунун болочок курмандыктары боло турган адамдарды көптөп тартуу максатында колдонгон каражаттар болуп саналат. Өз максатына жетүү жана пайда көрүүнү көздөгөн мындай “сатуучулар” түрдүү амалдарды колдонуп, өз бизнесинин мөмөлүү өсүшүнө умтулушат.

Албетте, ар бир адамдарга азыркы күндөрү чоң суммадагы акча табуу үчүн чет өлкөгө иштөөгө чакыруу жарнамалары кезиккен учурлар көптүр? Чет өлкөлүк компаниялар тартуулаган жөнөкөй жумуш үчүн убада кылынган жомоктогудай суммадагы акчалар кандай жол менен келээри белгилүү болгон кезде да карапайым калк кантип алардын жалган торуна түшүп калганын кээде өздөрү да билбей калат. Мындай “жомоктогудай” жарнаманын кызматын колдонууга барган ар бир адам сатуучулардын “товарына” айланып, сойкулукка, кулчулукка кабылуусу же андан да коркунучтуусу – органдарынан ажырап калуу коркунучу алдында турары анык.

Адамды уурдоо жана сатуу-бул укук таануу чөйрөсүндө адамдын аброюна, абийирине, укугуна шек келтирген кылмыш болуп саналат. Адам сатуу - бул азыркы күндө глобалдуу жана дароо чечилүүсүн талап кылган маселе. Адам сатуу – бул азыры күндөгү глобалдуу масштабдагы кылмыш жана бул кылмыш инсандын эркиндигине кол салуу, абийирин жана ар намысын тепсөө, адамдык сапаттарын жокко чыгаруу ж.б. ушундай терс көрүнүштөгү аракет катары каралат. Ал белгилүү өлкөлөрдө арзан жумушчу күчүнө болгон керектөөдөн башталып, аягы жыныстык эксплуатация, мажбурлап иштетүү, кулдук, күнкордук жана башка түрдүү курмандыктарга айлануу менен бүтөт.

Дүйнөнүн ар түрдүү өлкөлөрүндө орун алган, көп миллиарддаган суммадагы акчаларды жүгүртүүчү, уюмдашкан кылмыштуу топтор жана алардын криминалдуу аракеттери адам сатуу кубулушун өтө пайдалуу киреше алып келе турган легалдаштырылбаган рыноктук “бизнес-планга” айландырышты. Көптөгөн изилдөөлөр далилдегендей, адамды уурдап сатуу - бул азыркы учурдагы эң кооптуу болуп саналган баңгизаттарды жана курал – жарактарды сатуудан кийинки эле экинчи орунда турган чоң пайда табуучу кылмыштуулук. Бириккен Улуттар Уюмунун берген маалыматына ылайык, кылмыштуу топтор адам уурдап сатуудан жылына 30 миллиард АКШ долларынан ашуун киреше табышат [2].

Адамдын денесинин мүчөлөрүн, органдарын тартып алуу жана аны сатуу да ушул кылмыштуулуктун түрүнө кирет. Адам сатуунун курмандыктары болуп ар кандай дени сак эркектер, аялдар жана балдар болушу мүмкүн. Көп учурда жаш келин, кыздар да билбестиктен улам курмандыкка учурашат. Аларды айыл чарбада, үй тиричилик жумуштарына жана жыныстык катнашуу кызматын аткаруу үчүн жалдашат. Сатуучулар адамдарды айласы кеткен учурда, карызга малынганда, жумушунун жоктугунан, ишенчээктигинен, ошондой эле досчулук, тууганчылыктагы байланыштарын пайдаланышат. Азыркы учурда адам сатуу соодагерлеринин жалдоо ыкмаларына күнүмдүк интернет сайттары да кошулган. Анда чет өлкөдөгү окуулар, жумуш, бизнес, бай, ийгиликтүү кишилер менен таанышуу, көңүл ачуу жана турмуш куруу максатындагы жолугушууларды уюштуруу сыяктуу ыкмалар менен пайдаланса болот.

2000-жылдын апрель айында болуп өткөн Бириккен Улуттар Уюмунун XX Конгрессинде кылмыш маселелери боюнча материалдарында адам сатуунун акыркы мезгилдердеги динамикасы жогорулап жаткандыгы белгиленди. Эгерде буга чейинки төрт кылымдын ичиндеги “классикалык” кулчулук “оборотту” 12 млн адамдан ашкан эмес болсо, акыркы 30 жыл аралыгында, Азия чөлкөмүнүн өзүндө эле жок дегенде 30 миллиондон ашуун адам сатылган. Сатылгандардын дээрлик көпчүлүгү аялдар жана балдар [2].

Адам сатуу – коомдук турмуштажаңы көрүнүш эмес, тескерисинче, унутулууга милдеттүү болгон, бирок учурда коомдук-экономикалык чөйрөдө кылмыштуу мүнөзгө карабастан киреше табууга пайдалуу болгондугу менен кайра кайтып келген терс тарыхый жараян. 2000-ж. 15-ноябрдагы Улуттар аралык уюшкан кылмыштуулук жөнүндөгү БУУнун Конвенциясына ылайык Адам сатуу – дүйнөлүк кирешеси миллиарддаган АКШ доллар менен өлчөнгөн эл аралык уюшкан кылмыштуулуктун негизги багыттарынын бири болуп таанылган. Анын пайда табуучулук деңгээлин курал-жарактымыйзамсыз сатуу жана баңги заттарын айланышы менен гана салыштырууга болот [3].

Трансулуттук адам сатуунун курмандыкларынын болжол менен 80% - аялдар менен кыздар болуп саналат; алардын ичинен - жашы жете электери - 50% түзөт; алардын көпчүлүгү - жыныстык жол менен көңүл ачуу индустрия үчүн иштетилип жаткан аялдар экенин изилдөөлөр тастыктады. Адам сатуунун курмандыктарын эксплуатациялоодон түшкөн киреше эсептөөлөр боюнча 9,5 млрд. АКШ долларын түзгөн. Адам сатуу системасы агымына кошулуу себептеринин арасына айрым өлкөлөрдүн ортосунда экономикалык өнүгүүсүндөгү ажырымы, мамлекеттик деңгээлдеги кедейчилик, массалык жумушсуздуктан

башка чөлкөмдөрдө акча табуу мүмкүнчүлүгүнө болгон кызыгуулар, өлкөдөгү коррупция, саясий туруксуздуулук жана куралдуу чыр-чатактар ж.б. айтууга болот.

Кул эмгегин сатуу жана пайдалануу көп учурда физикалык зордук-зомбулук, кыйноо, коркутуу жана зомбулук менен коштолгон адамдардын өмүрүнө жана саламаттыгына коркунуч алып келет. Көпчүлүк учурда алар, ошондой эле, эмгек жана миграция мыйзамдарын бузуу менен байланышкан. Ал эми заманбап кулчулуктун бардык түрлөрүн жоюу маселеси бүгүнкү күндөгү башка глобалдык проблемаларды чечүү менен айкалышып турат.

Кулчулук – ар бир жетишкен өлкөдө кепилденген жана коргоого алынган адамдын негизги баалуулугу болуп саналган эркиндигине кол салуу болуп саналат. Анын пайда болуу тарыхы байыркы мезгилдерге таандык болгону менен, азыркы учурда кылмышкерлер тарабынан такай колдонууга алынган кылмыштуу элемент катары табылган.

Учурдагы кулчулук менен кул сатуу - кул ээлөөчүлүк доордун мурасы катары сакталып калган. Бул көрүнүш менен күрөшүү боюнча Эл аралык Кызматташтык АКШдагы кулчулукту жоюудан кийин XIX кылымдын башында эле пайда болгон. 1815-жылы Вена Конгресси тарабынан негрлерди сатууну жоюу тууралууАкт, 1841-жылы - Америкага кара кулдарды транспортоого тыюу салуу жөнүндө келишимкабыл алынган. Бирок мындай биринчи эл аралык келишимдер кулчулукту айыптап, кул сатуучулукка тыюу салуусун жана Кошмо Штаттары бул иштери үчүн жоопкерчилигин белгилөө сунуштары менен гана чектелген. 1926-жылы гана Кулчулук жөнүндө Конвенция кабыл алынган. 1926-жылдын Конвенциясы боюнча кулчулук - "адамга карата ээлик кылууга акылуу болгон бийликтин бардык же кээ бир түрлөрүн колдонуусун белгилеген адамдын абалы же статусу" деп аныкталган [3].

Дүйнө жүзүндөгү адам сатуу жана кулчулукка мажбурлоо боюнча аракеттерди дыккаттап изилдеген уюмдар бар, алардын ичинен эң эле абройлуу жана ишенимдүүсү бул – Глобалдык Кулчулук Индекси. Анын изилдөөлөрү боюнча учурда Кыргызстанда кулчулукка кабылган кишилердин саны 27 миң 700 киши экенин жана атайын изилдөөлөрдүн натыйжасында кулчулуктун процентин азайтуу боюнча кылынып жаткан иш-чаралар жөнүндө Глобалдык Кулчулук Индексинде айтылат.

Глобалдык Кулчулук Индекси (ГКИ) азыркы учурда дүйнө жүзүндөгү 167 өлкөнүн 45,8 миллион адамы заманбап түрдөгү кулчулукта жүргөнүн айтып келүүдө. Бул изилдөөлөр дөйнөлүк Gallup уюму тарабынан жүргүзүлүп, алынган жыйынтык маалыматтары дүйнөлүк эл өкүлдөрүнүн тынчсыздануусун жаратты: Глобалдык кулчулук индексинин жарыялаган рейтинги боюнча 2016-жылы 45,8 миллион адам дүйнөдөгү заманбап кулчулуктун курмандыгы болуп эсептелинди [1].

Калктын үлүшү боюнча заманбап кулчулук эң жогору деңгээлде тараган өлкөлөрдүн ичине Түндүк Корея, Өзбекстан, Камбоджа, Индия жана Катар кирди. Түндүк Кореяда өкмөт тарбынан санкцияланган аргасыз эмгек түрмөлөрдө, эмгек лагерлеринде кенен жайылгандыгына далилдер бар. Түндүк Кореянын аялдары аргасыз никелерде жана Кытайга жана башка кошуна мамлекеттерге мажбурланган коммерциялык жыныстык катнашка пайдаланууга сатылат.

Калктын үлүшү боюнча заманбап кулчулук эң төмөн бааланган өлкөлөр – Европа өлкөлөрү: Люксембург, Ирландия, Норвегия, Дания, Австрия, Швеция Бельгия, Швейцария, Америка Кошмо Штаттары жана Канада, ошондой эле Австралия жана Жаңы Зеландия. Бул өлкөлөр, эреже катары, ири экономикалык байлыктарга ээ, бийлигинин жогорку деңгээлдеги жоопкерчилиги, чыр-чатактын деңгээли төмөн, саясий жактан туруктуу жана заманбап кулчулук менен күрөшүүдө эң зор даярдыгы бар [2].

**Адабияттар:**


1. Глобалдык кулчулук индекси (The Global Slavery Index) - 2016. https://www.globalslaveryindex.org.
2. Ерохина Л.Б.Два лика транснациональной организованной преступности: терроризм и торговля людьми
3. Жинкин А.А. Рабство и работорговля в основных международных документах. // Следователь. Федеральное издание. №9. 2015.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Бабаева А.Д.**